*УДК 338.43*

***Ташбаев Азизбек – к.ф.-м.н., профессор ОшТУ***
***Осмоналиева Динара –э.и.к., ОшГУнун доценти***
***Ташбаев Азизбек Мазанович, ф.-м.и.к, доцент,***
***Ош технологиялык университети***
***E- mail: atashbaev@mail.ru***

# КЫРГЫЗСТАНДА МАЛ ЧАРБА ПРОДУКЦИЯЛАРЫН КАЙРА ИШТЕТҮҮ ӨНӨР ЖАЙЫНЫН АБАЛЫ

# CONDITION OF PROCESSING INDUSTRY OF LIVESTOCK PRODUCTS IN KYRGYZSTAN

***Аннотация:*** *Макалада өлкөдөгү тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайы жана бул тармакта мал чарба продукцияларды өндүрүүнүн жана кайра иштетүүнүн абалы анализделген. Эт, сүт өндүрүү жана кайра иштетүү тармактарында кездешкен көйгөйлөр анализделип, өндүрүлгөн продукциянын көлөмүн андан ары жогорулатуу багытында сунуштар берилген. Эт-сүт азыктарын кайра иштетүүчү ишканалар, алардын аймактар боюнча жайгашышы, кайра иштетилген өнөр-жай продукцияларынын көлөмүнүн өзгөрүү тенденциялары каралган.*

***Аннотация:*** *В работе изучено состояние пишевой и перерабатываюшей промышленности, производство и переработка продукций животноводства в стране. Анализированы проблемы по перерабатывающей отрасли мяса и молока и предложены пути дальнейшего увеличения обьема производимой продукции. Рассмотрены особенности и размешения предприятий по переработке мяса и молока по регионам, тенденции изменения обьемов продукции, произведенной в отрасли.*

***Abstract:*** *The condition of food and processing industry, production and processing of livestock production in the country is studied in this work. The problems of processing industry of meat and milk, the ways of increasing the volume of the made production are analyzed. And also particularities and placements of enterprises for processing meat and milk in regions, the tendency changing of volume production made in branch are considered.*

***Ачкыч сөздөр****: агро өнөр жай комплекси, тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайы, азык-түлүк базары, азык-түлүк, мал чарбасы, эт продукцияларын өндүрүү, сүт продукцияларын өндүрүү.*

***Ключевые слова:*** *агропромышленный комплекс, продовольственный рынок, продовольствие, пишевая и перерабатывающая промышленность, животноводства, производство мяса, производство молока.*

***Key words:*** *agro-industrial complex, food market, food, food and processing industry, livestock, productions meat, productions milk.*

Тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайы өлкөнүн агро өнөр жай комплексинин олуттуу тармагы. Бул тармакты өнүктүрүү Кыргыз Республикасынын 2013-2017-жылдарда туруктуу өнүгүшүнүн стратегиясында каралып, айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу, тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр-жайынын потенциалын арттыруу жана жалпы эле агро өнөр жай комплексинде өндүрүлгөн продукциянын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн арттыруу максаты коюлган. Анын үлүшүнө 2015-жылы жалпы кайра иштетүү өнөр жай продукциясынын 16,4% туура келип 23129,3 млн. сомдук продукция өндүрүлүп, 2010-жылга салыштырмалуу 4,1% жогоруласа, ал эми 2014-жылга карата 6,7% төмөндөп кеткен. Өнөр жайдын бул тармагындагы ишканалар айыл-чарба секторунда даярдалган сырьену кайра иштетүүгө адистештирилген. Анын курамына 20 дан ашык тармакчалар кирип, катталган

ишканаларда иштегендердин саны 2015-жылы 20,8 миңден ашты. Азык-түлүк (суусундуктарды кошо эсептегенде) жана тамеки азыктарын акыркы беш жылдыкта өндүрүүнүн көлөмүнүн индекси мурдагы жылга карата 2011-жылы 100,3%, 2012-103,5%, 2013-103,4%, 2014-103,9%, 2015-93,3% болду [1,2]. Чыгарылган продукциялар негизинен ички базардагы керектөөнү камсыз кылып, бир бөлүгү экспортко чыгарылат. Ошондуктан, өлкөнүн экономикалык коопсуздугун камсыз кылууда тармак олуттуу орунду ээлейт.

Агрардык жер реформасынын жүрүшүндө тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайынын ишканалары менчиктештирилип, акционердик коомдорго айландырылган. 2015-жылдын жыйынтыгы боюнча республика аймагында тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайында 6311 ишкана иштеген. Алардын 326 юридикалык тараптар. ал эми 5985 жеке ишкерлер болуп саналат. Адистештирилүү багыты боюнча 43 ишкана сүт жана сүт азыктарын кайра иштетүүчү, 21 эт жана эт продуктыларын, 3 өсүмдүк майларын, 3 тамеки, 3 чай, 27 жашылча-жемиш, 4 ишкана кант иштетсе, 9 шоколад жана кондитердик азыктарды, 16-дистирленген алкоголдук ичимдиктерди жана этил спиртин, 17 вино жана шампан, 11-пиво, 30 суусундук, 48 нан, 33 ун жана акшак, 9 макарон продукцияларын чыгарат. Мындан башка пахта, крахмал, тоют ж.б. даярдоочу ишканалар бар.

Тамак-аш даярдоого жана кайра иштетүүгө адистештирилген ишканалар республиканын аймактары боюнча текши жайгашкан эмес. Мисалы, юридикалык тараптар Баткен областында 12, Жалал-Абад 23, Нарын 8, Ош 16, Талас 7, Ысык-Көл 33, Чүй облустарында 82, Бишкекте 119 жана Ош шаарында-26 ишканалар орун алган. Бишкек шаарында жана Чүй областында жалпы катталган ишканалардын санынын республикадагы үлүшү 62%ти түзөт.

2015-жылдын жыйынтыгы менен тамак аш жана кайра иштетүү өнөр-жайынын продукциясынын өсүшү төмөнкү тармактарда камсыз болгон: алкоголсуз ичимдиктердин өндүрүүсү 7,9% ке, эт жана эт азыктары 14,5 %, макарон чыгарууда 30,4%; кант өндүрүүдө 20,0% жана чай чыгарууда мурдагы жылдын отчеттук мезгилине салыштырмалуу 2,6%ке өскөн.

Азыркы мезгилде тамак аш жана кайра иштетүү өнөр жайында бир төп чечүүнү талап кылган көйгөйлөр кездешүүдө. Булардын катарына кайра иштетилген өндүрүштүк сырьелордун көлөмүнүн жана сапатынын төмөндүгү, өндүрүлгөн продукциянын көлөмүнүн аздыгы, кайра иштетүү ишканаларындагы жабдыктардын көпчүлүк бөлүгүнүн эскилиги, азык-түлүк коопсуздугу жана сапат боюнча стандарттардын жетишсиздиги жана тиешелүү лабораториялардын начар жабдылышы ж.б. кошууга болот.

Кыргызстанда тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр-жайынын анализин жана бул тармакты мамлекеттик колдоонун күчөшү жана андан ары өнүгүшү [3,4] каралган.

Азыркы мезгилде Кыргыз Республикасынын 2017-2021-жылдарда тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүү программасынын долбоору иштелип чыгып бул документте республикада тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүүнүн жалпы жагдайы, максаттары жана милдеттери, азыркы абалдын анализи, кайра иштетүү тармактары боюнча программалар жана көйгөйлүү маселелерди чечүү чаралары, иш-чараларды каржылоо ж.б. маселелер каралган.

***Эт жана эт продукцияларын өндүрүү***. Кыргызстан 20-кылымдын 70-80-жылдары Советтер Союзундагы этти мол даярдоочу республикалардын бири болгон. Убакыт өткөн сайын эт даярдоонун көлөмү дагы өскөн. Алсак, 1940-жылы 16,8 миң тонна, 1970-жылы 78,8 миң тонна, 1980-жылы 109,7 миң тонна, 1990-жылы 113,8 миң тонна эт даярдалган. Ал эми республика эгемендүүлүк алгандан кийин эт азыктарын чыгаруу кескин азайган. 1995-жылы 9,2 миң тонна, 2000-жылы 1,4 миң тонна гана эт даярдалган. Өлкөнүн аймагында малдын санын өсүшү менен бардык облустарда этти, эт азыктарын, колбаса даярдоочу комбинаттар курулган.

Акыркы мезгилдерде эт, эт продукцияларын, колбаса жана ышталган продукцияларды өндүрүү негизинен техникалык параметрлерге жана ветеринардык-санитардык ченемдерге ылайык келбеген продуктыларды өндүргөн кичи ишканалар жана

цехтер аркылуу жүргүзүлөт. Өндүрүлгөн эттин 90%тен ашыгыраагы кичи ишканалар менен камсыздалат. Ал эми ири ишканалар «Бишкек эт консервалоо комбинаты», “Кайынды эт комбинаты”, «Балыкчы эт», “Келечек” – “Ош” эт комбинаты айланма каражаттары жоктугунан иштебей турушат.

Эт продукцияларын чыгарууда «Риха», «Божан», «Баркад», Нуристан», «Эргеш Ата» ЖЧК ж.б. ишканалар бир топ ийгиликтерге жетишип алардын продукциялары ички рынокто гана керектөөчүлөрдүн талаптарын канааттандырбастан, булардын көпчүлүгү өздөрүнүн соода маркаларына ээ болушуп коңшу өлкөлөрдүн базарларында да өз ордуларын табышкан. Бул ишканалардын эт продукцияларын өндүрүүнүн көлөмүн жогорулатууга толук мүмкүнчүлүктөрү бар жана Казакстан жана Россия базарларына ЕАЭБ алкагында эт продукцияларын экспорттоого жагымдуу шарттар түзүлүүдө.

2015-жылы эт жана тамактык субпродуктылар 10770,0 тонна, колбасалар 3054,1 тонна өндүрүлүп, 2011 –жылга карата тиешелүү 65,8% жана 5,0% өскөн. Ушул эле мезгилде колбасаларды иштеп чыгуу 2013-жылга салыштырмалуу 18,5% азайып кеткен. Салыштырмалуу жылкынын жана канаттуунун этин өндүрүү жогорку темпке ээ болуп беш жыл аралыгында ар бири 131% көбөйгөн (1-таблица) [1,2].

1-таблица. Эт жана эт продукцияларын өндүрүү,
2011-2015-ж.,тонна

| Эт продукция түрлөрү | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2015-ж 2011-ж к-та, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| *Эт өндүрүү* | | | | | | |
| Эт (союлган салмакта) анын ичинде: | 190,4 | 192,3 | 193,2 | 202,8 | 208,3 | 109,4 |
| уйдун жана торпоктун | 98,7 | 97,0 | 96,9 | 101,6 | 99,1 | 100,4 |
| койдун жана эчкинин | 50,1 | 51,1 | 51,8 | 59,4 | 60,9 | 121,6 |
| чочконун | 16,4 | 16,1 | 15,1 | 15,8 | 15,4 | 93,9 |
| жылкынын | 18,8 | 21,5 | 22,2 | 19,9 | 24,6 | 130,9 |
| канаттуулардын | 6,1 | 6,1 | 6,8 | 5,8 | 8,0 | 131,1 |
| коёндун | 0,4 | 0,4 | 0,4 | 0,3 | 0,3 | 75,0 |
| *Кайра иштетилген эт продуктылары* | | | | | | |
| Эт жана тамактык субпродуктылар | 6497,4 | 7244,5 | 8127,0 | 8342,8 | 10770,0 | 165,8 |
| Колбасалар | 2907,9 | 2911,2 | 3617,6 | 3332,0 | 3054,1 | 105,0 |

Эт өндүрүү тармагында өндүрүштүн так эсебине жана продукциясын сатууда терс таасирин тийгизген фактор болуп көмүскө экономика эсептелет. Өндүрүштүн, кайра иштетүүнүн жана этти сатуунун өндүрүшүнүн негизги көлөмү көпчүлүк жеке менчик кичине ишканаларда легализацияланган эмес.

2014-жылы эттин жана эт продуктыларынын импортунун көлөмү 65,7 миң тоннаны түздү, ал 2013-жылга салыштырмалуу 4,5 миң тоннага жогорулаган. Ал эми экспорттун көлөмү 72,8 миң тонна болуп 2013-жылга салыштырмалуу анча өскөн эмес.

Малды союу боюнча заманбап өндүрүш – технологиялык базанын жоктугу, эт мал чарбачылыгынын тез өнүгүп кетүүнү токтотуп туруучу факторлорунун бири болуп эсептелет жана импорттолгон этти ири көлөмдө алып келүү үчүн шарт түзөт.

Эт өндүрүү тармагында өндүрүштү жогорулатууда негизги көйгөйлөр катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:
- малдын башын идентификациялоону толук аяктап тиешелүү жолго коюлбагандыгы;
- республикадагы эпизоотикалык абалга байланыштуу малдан келип чыккан продуктыларды даярдоого дайыма карантиндин киргизилип турушу;
- этти импорттоонун жогорку деңгээли;
- кайра иштетүү, тазалоо, сактоо жана ташуу эрежелеринин жана санитардык талаптардын сакталбашы;
- эт жана эт продукцияларынын көмүскө өндүрүшүнүн деңгээлинин жогорулашы.

Эт жана эт продуктыларын өндүрүүнү мындан ары жакшыртуу максатында төмөнкүдөй иш чараларды көрсөтүүгө болот:
- ири эт комбинаттарын бүгүнкү күндүн талаптарына жооп берген, технологиялык жактан жаңыланган жана жабдылган жаңы кичине цехтерге айлантуу максатында кайра куруу жана модернизациялоо үчүн инвестицияларды тартуу;
- малды союуга, этти алгачкы кайра иштетип тазалоого жана кошо жүрүүчү продукцияларын топтоого (тери, жүн, субпродуктылар, кан, мүйүз жана туяк) жана эсепке алууга талап кылынган нормаларга келтирүү максатында, шаарларда жана ири калктуу айыл жерлеринде мал союучу пункттарда жаңы технологиялык процесстерди киргизүү менен жаңы цехтерди куруу жана иштеп жаткандарды калыбына келтирүү;
- продукциянын сапатын баалоо жана химия-биологиялык анализ жүргүзүү үчүн өндүрүш–технологиялык лабораторияларды түзүү;
- импорттолгон этти киргизүүгө мамлекеттик көзөмөлдү күчөтүү;
- этти жана эт продукциясын өндүрүүнү, сактоонун, ташууну жана сатуунун техникалык регламентин жөнгө салуу.

Кыргызстанда малдын саны акырындык менен көбөйүп жатат. 2016-жылдын башталышына карата өлкө боюнча 1492,5 миң баш ири мүйүздүү мал, анын ичинен 757,4 миң баш уй болгон. Бул 2012-жылга салыштырганда 154,0 миң башка же 10,3% көп болсо, 2015-жылга салыштырганда 34,1 миң башка көп же 2,3% жогорулаган. Кой менен эчкинин саны 2016-жыл башталышына карата 5929,5 миң баш болуп жана 2012–жылга салыштырганда 641,4 миң башка же 10,8% көп болсо, 2015-жылга салыштырганда 100,5 миң баш же 1,7% жогорулаган [2,5].

Буларды мындан ары дагы көбөйтүүгө жайыт кенен, тоют жетиштүү. Ошондуктан эт даярдоону көбөйтүп, сапатын жакшыртууга мамлекеттик деңгээлде кам көрүү менен ички базарды камсыз кылуу жана эт азыктарын чет өлкөлөргө, биринчи кезекте Россияга, Казакстанга жана Кытайга экспорттоого жетишүү учур талабы.

***Сүт жана сүт продукцияларын өндүрүү*** республиканын агро өнөр жай секторунун олуттуу тармагы. Мунун азыктары тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр-жайынын дүң продукциясынын маанилүү бөлүгүн ээлейт жана чыгарылган бардык азыгынын бир бөлүгү экспортко жөнөтүлөт. Кыргыз эли эзелтен эле сүттү иштетип, түрдүү азыктарды даярдап келишкен. Алсак, уйдун, койдун, эчкинин, топоздун сүтүнөн каймак, сары, чалган жана тоң майларды даярдап, айран, жуурат, быштак, эжигей, сүзмө, курут, бээнин, төөнүн, уйдун сүтүнөн кымыз жасап келишкен. Элет жеринде мындай азыктар азыр деле даярдалууда.

Акыркы жылдары сүттү кайра иштетүү тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайынын бир нукта өнүгүп бараткан, атаандаштыкка жөндөмдүү тармагы катары бааланууда. Бирок, тармактын агроресурстук потенциалы, кээ бир аймактардын ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрү сүт өндүрүшүнүн көлөмүн көбөйтүү жана натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча толук кандуу иштетилбей, сүт иштетүүчү ишканалардын кубаттуулугу толук пайдаланылбай калууда. Асыл тукумдуу уйлар менен камсыз кылуу, тоют маселелери, өндүрүштүк процесстерди модернизациялоо, сүт өндүрүүчү фермердик жана жеке менчик чарбалардын өндүргөн сүт азыктары керектөөчүлөргө ветеринардык жана санитардык талаптардын сакталбай эле түздөн-түз сатылуусу менен байланышкан

көйгөйлөр чечилбей келүүдө.

Республикада 2015-жылы 1481,1 миң тонна чийки сүт өндүрүлүп анын 1450,7 миң тоннасы же 97,9% уйдун сүтүнө туура келет. Өндүрүлгөн сүттүн 126,7 миң тоннасы экспортко жөнөтүлгөн жана акыркы жылдарда анын көлөмү туруктуу бойдон калууда. Импорттун көлөмү 22,8 миң тонна болуп кемүү тенденциясы орун алууда. Сүттү кайра иштетүүчү ишканалар тарабынан 31615,8 тоннасы кайра иштетилген жана кургак сүт, каймак, май, быштак, сыр, балмуздак, консерваланган сүт ж.б. азыктарды иштеп чыгарылган. Сүт жана сүт азыктарын чыгаруучу тармакта, майдын түрлөрүн кошпогондо, кайра иштетүүдөн алынган продукциянын бардык түрлөрүнүн көлөмү беш жыл ичинде азайып кеткен: 2011-жылга салыштырмалуу катуу түрдөгү сүт жана каймактын өсүү темпи 58,7%, коюлтулбаган же таттуу кошулбаган каймак-86,7%, балмуздак жана ушул сыяктуу тоңдурулган продуктылар-67,3% түздү. Сүт жана сүт азыктарын чыгаруучу тармакта продукциянын көлөмүнүн азайышынын бир себеби Казахстан жана башка өлкөлөргө сүт жана сүт азыктарын экспорттоого бөгөт коюлганы менен байланыштуу (2-таблица) [1,2].

2-таблица. Кыргызстанда сүт азыктарын өндүрүүнүн
2011-2015-жылдарга динамикасы, тонна

| Сүт азыктары | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2015-ж 2011-ж к-та, % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Чийки сүт (миң тонна) | 358,1 | 1382,4 | 1408,2 | 1445,5 | 1481,1 | 109,1 |
| *Кайра иштетилген сүт продуктылары* | | | | | | |
| Иштетилген суюк сүт | 9640,5 | 23035,3 | 21046,5 | 30674,1 | 31615,8 | 161,0 |
| Катуу түрдөгү сүт жана каймак | 998,4 | 2182,3 | 1954,1 | 2310,3 | 1758,9 | 58,7 |
| Коюлтулбаган же таттуу кошулбаган каймак | 1,5 | 31,3 | 23,3 | 14,1 | 36,0 | 86,7 |
| Майдын бардык түрү | 033,1 | 2168,4 | 1991,1 | 2214,2 | 2112,7 | 103,9 |
| Бардык түрдөгү сырлар | 741,8 | 2996,4 | 3256,0 | 3176,7 | 3615,7 | 96,6 |
| Балмуздак жана ушул сыяктуу тоңдурулган продуктылар | 781,9 | 4722,4 | 4594,7 | 3475,1 | 3218,1 | 67,3 |

Чийки сүттү өндүрүүнүн негизги бөлүгү Чүй (25%), Жалал-Абад (20%), Ош областтарына (20%) туура келет. Сүттү өнөр жайдык кайра иштетүү негизинен Чүй, Талас областтарында жана Бишкек шаарында жайгашып, өлкөнүн түштүк аймагында жакшы өнүккөн эмес. Мисалы, Баткен областында бир да ишкана катталган эмес. Республиканын тамак –аш жана кайра иштетүү өнөр жайынын курамында сүт азыктарын кайра иштетүү тармагынын үлүшү 19-20%ти камтыйт.

Кыргызстанда сүт иштетүүчү өнөр-жай ишканалары 1917-жылдан бери пайда боло баштаган. Азыр өлкөдө сүт иштетүүчү 43 орто жана чоң жана бир нече май чыгаруучу ишканалар жайгашкан. Ири ишканалардын катарына “Бишкек-сүт” ачык акционердик коому, “Шин-Лайн”, “Кант-Сүт”, “Сүт булак”, “Ак-Жалга”, “Талас-сүт”, “Ак-сүт” “Үмүт и Ко”, “Урзус”, Токмоктогу “Элим ай”, Бишкектеги “Эльвест”, “Эридан-сүт” ишканалары, “Сүт-булак” сыр жасоочу Кыргызстан-Швейцария ачык типтеги

акционердик коому ж.б. кирет. Бул ишканалардын 2014-жылдын жыйынтыгы боюнча бюджетке мамлекеттик чегерүүлөр боюнча эң алдынкы-биринчи орунда “Бишкек-сүт” ишканасы болуп, бюджетке 356,1 млн. сом чегерилген. Экинчи ири ишкана болуп “Шин-Лайн” эсептелет. Бул ишкана бюджетке 14,8 млн. сом төлөгөн жана өндүрүштүк кубаттуулугу жылына 120 млн. сомдук продукция өндүрүүгө ылайыкташкан. Үчүнчү орундан баштап кезеги менен “Кант-Сүт”, “Сүт булак”, “Ак-Жалга”, “Талас-сүт” ишканалары ээлешип сүттү кайра иштетүүчү өнөр-жай ишканаларынын эң ирилеринен болуп эсептелишет. Мындан тышкары, жеке ишкерлердин сүт иштетүүчү бир катар чакан ишканалары бар. Мисалы, “Тууганбаев Б.” жеке ишканасы 2014-жылдын жыйынтыгы боюнча бюджетке мамлекеттик чегерүүлөр боюнча 2,6 млн. сом которуп, рейтингде жетинчи орунду ээлеген. Бул ишкана суткасына 50 тонна сүт кайра иштете алат. Белгилей кетүүчү нерсе, азыркы күнгө Кыргызстандын 15 сүт иштетүүчү компаниялары ЕАЭБтин реестрине киргизилип, иштеп чыгарышкан азыктарын экспортко чыгарууга мүмкүнчүлүк алышкан.

Сүт продуктыларын өндүрүү жана кайра иштетүү тармагынын өнүгүшүнө сүт багытындагы малдардын сүттүүлүгүнүн төмөнкү деңгээли, санитардык көрсөткүчтөр боюнча сапатсыз сүттү өндүрүүнүн көп санда болушу, начар кооперациялык байланыштар, жер ресурстарын эффективдүү иштете албагандык, тоют базасынын начар өнүккөндүгү, контрабандалык продукциялардын келип түшүшү ж.б. факторлор терс таасирин тийгизип жатат.

Сүт продуктыларын өндүрүү жана кайра иштетүү тармагын мындан ары жакшыртуу максатында төмөнкү багыттагы маселелерди ишке ашыруу максатка ылайыктуу:

- сүттү сатып алуунун инфраструктурасынын ачык-айрым системасын түзүү, айыл жерлеринде сүт кабыл алуучу пункттарынын тармагын уюштуруу жана ал жерлерде сапаттуу товар кабыл алууну камсыздоо;
- ветеринардык жана санитардык көзөмөл кызматтарынын сапатын жогорулатуу;
- сүттү кайра иштетүүгө байланышкан ишканаларды ирилештирүү, орто жана ири бирикмелерди түзүү, учурунда сунушталган эт-сүт боюнча территориялык-тармактык кластерлерди түзүүнү кайра жандандыруу жана жолго салуу;
- иштебей турган ири сүт заводдорун кайра жандандыруу жана жаңы технологиялар менен жабдылган сүттү кайра иштетүүчү кичи ишканаларга кайра реконструкциялоо;
- шаарларда, райондук борборлордо жана калк калың жайгашкан жерлерде жаңы сүт комбинаттарын куруу;
- рынокто сатылуучу жаңы же өркүндөтүлгөн, кошумча наркы жогору болгон продукцияларды чыгарууну жолго коюу, технологиялык процессти, практикалык ишмердүүлүктө пайдалануучу уюштуруу-техникалык иш-чараларды жүзөгө ашыруу;
- сүт жана сүт азыктарына техникалык регламенттерди киргизүү жана так өндүрүштүк эсеп жүргүзүү, сактоо жана сатуу аракеттерине ээ болгон башкаруу механизми менен укук ченемдик актыларды кабыл алуу;
- сүт азыктарынын сапатын аныктоочу аккредитацияланган лабораторияларды түзүү, ЕАЭБ биримдигинин алкагында экспорт-импортко байланышкан тоскоолдуктарын жөнгө салуу менен экспорттун көлөмүн жогорулатуу;
- мал чарбачылыгында кездешүүчү илдеттерди алдын алуу, дарылоо, жугуштуу оорулардын таралышына бөгөт коюу жана эпизоотикалык абалды жакшыртуу.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен “Кыргыз Республикасында 2015-2017-жылдары тамак-аш жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуунун программасы” (№ 618, 4- сентябрь 2015-ж.) бекитилген. Программада айыл-чарба жана азык-түлүк өндүрүшүнүн көлөмүн көбөйтүү жана тамак аш продукцияларынын коопсуздугу боюнча иш чаралар каралган. Мында азык-түлүктүн негизги 9 түрү менен ички керектөөнү толук камсыз кылуу, ошондой эле келечекте республиканын азык-түлүк

базарынын импорттон көз карандысыздыгын камсыз кылуу маселеси толук иликтенген [6].

Улуттук статистикалык комитеттин маалыматына ылайык, программада белгиленген азык-түлүктүн 9 түрү боюнча ички өндүрүштүн негизинде камсыз кылуу көрсөткүчтөрү боюнча 2014-жылы продукциянын үч түрү боюнча гана жетишилген: картошка - 149%, жашылча жана мөмө-жемиш - 140,6%, сүт жана сүт азыктары - 110,6%. Ал эми 2015-жылы продукциянын төрт түрү: нан, картошка, жашылча жана мөмө-жемиш, сүт жана сүт азыктары боюнча камсыздалган. Калган продукция түрлөрү менен камсыз кылуу импорттолуп келген продукциянын эсебинен толукталууда [7]. Ошондуктан өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда тамак-аш жана кайра иштетүү өнөр жайынын мындан ары өнүктүрүү чоң мааниге ээ.

***Адабияттар:***


1. Промышленность Кыргызской Республики 2011-2015. - Бишкек: Национальный статистический комитет Кыргызской Республики.- 2016. – С.330.
2. Кыргызстан цифраларда. Статистикалык жыйнак.- Бишкек: Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети.-2016.– С.352.
3. Ташбаев А.М., Абдиев М.Ж. Анализ и оценка развития пищевой и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики // Экономика сельскохозяйственных и перерабатывающих предприятий.- № 4.-2016.-С.65-68.
4. Ташбаев А.М.Усиление государственной поддержки и развитие пищевой и перерабатывающей промышленности в Кыргызской Республике // Экономика и предпринимательство.-№ 6.- 2016.-С.243-249.
5. Итоги единовременного учета скота и домашней птицы в Кыргызской Республике (по состоянию на конец 2015 года).-Бишкек: Национальный статистический комитет Кыргызской Республики.-2016.- С.55.
6. Программа продовольственной безопасности и питания в Кыргызской Республике на 2015-2017 годы. Постановление Правительства Кыргызской Республики от 4 сентября 2015 года -№ 618.
7. Информационный бюллетень Кыргызской Республики по продовольственной безопасности и бедности.- № 4.2016. - Бишкек: Национальный статистический комитет Кыргызской Республики.-2016.– С.69.